УДК: 808.1:82.09(575.2) (04)

***Туратбеков Кайырбек Туратбекович***
*КР УИАнын Тил жана адабият*
*инситутунун кенже илимий*
*кызматкери*
***Туратбеков Кайырбек Туратбекович***
*младший научный сотрудник*
*института Языка и литературы*
*им. Ч.Айтматова при НАН КР*
***Turatbekov Kaiyrbek Turatbekovich***
*Junior Research Fellow Institute*
*of Language and Literature them.*
*Ch. Aitmatova at the National Academy*
*of Sciences of the Kyrgyz Republic*

## АМАН ТОКТОГУЛОВДУН АДАБИЙ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

**Аннотация.** Бул макалада акын, котормочу жана сынчы А.Токтогуловдун чыгармачылыгынын калыптанышы анализге алынат.

**Негизги сөздөр**: адабий чыгармачылык, калыптануу, поэзия, көркөм котормо, адабий сын.

## ФОРМИРОВАНИЕ ЛИТЕРАТУРНОГО ТВОРЧЕСТВА АМАНА ТОКТОГУЛОВА

**Аннотация**. В данной статье анализируется становление творчества поэта, переводчика и критика А. Токтогулова.

**Ключевые слова**: литературное творчество, становление, поэзия, художественный перевод, литературная критика.

## FORMATION OF LITERARY CREATIVITY AMANA TOKTOGULOVA

**Abstract.** This article analyzes the formation of the work of the poet, translator and critic A. Toktogulov.

**Keywords:** literary creativity, formation, poetry, literary translation, literary criticism**.**

Адабий көркөм чыгармачылыкта ар тараптуу ишмердүүлүгү менен таанымал болгон калемгерлер сейрек. Бир эле мезгилде акын, жазуучу, котормочу жана сынчылык өнөрдү бирдей аркалап, булардын ар биринен жемиштүү иштеген калем ээлери саналуу. Чынында, көркөм чыгармачылыктагы мындай ар тараптуулуктун өзүн изилдөө иши, илимпоздордун обьектисине XX кылымдын орто ченинен баштап колго алына баштаган. Анткени, өткөн доордун, тагыраагы, 1950-жылдардын аягында дүйнөлүк адабияттагы реализмди талкууга алган

жыйында[1] калемгерлердин чыгармачыл ар тараптуулугу боюнча маселенин мурда көтөрүлгөнүнө карабастан, батыл киришип, аны тыкыр иликтөө иши ушу кезге чейин колго алынбай келе жаткандыгын адабиятчы Б. Брусов кейиштүү белгилейт.

Чынында, ар тараптуулукка умтулган калемгерлердин жан дүйнөсүн жеке чыгармачылык өнөрканасында пайдаланган индивидуалдуу усулдук ыкмалары аныктайт. Демек, акын-жазуучулардын ар тараптуулугун анализдөө – алардын жекелигин, жан дүйнөсүн таанып билүү деген менен барабар. Бул мааниде адабиятчы Эльсберг Яков: "**Раскрывая свою личность, такой писатель создает убеждение в том, что он способен охватить жизнь в ее многообразии и цельности, «построить» целый художественный мир, глубоко отражающий действительность, способен судить о жизни, о людях. Владея сам громадными духовными, нравственными ценностями, он доказывает тем самым способность и право «творить» героя и воспитывать людей, ибо это дано не каждому писателю"[2], -** деп таамай белгилегени бар.

Чыгармачылык чыйырда ар тараптуулукка умтулган калемгердин жан дүйнөсүн ачып берүү анын көп кырдуу талантын аңдап түшүнүүгө шарт түзөт. Ошол эле мезгилде, ар тараптуулукка умтулуу менен өз "демин" коротуп, "чачып" алгандар да жок эмес. Элестүү айтканда, "***Өмүр бою тытынып жазып, китеп артынан китеп чыгарып, аңсаган акыбетине жетпей калгандар арбын. Алгачкы чыгармасы, бирин-экин китеби менен эле окурман оюн буруп, адабият асманында жанып калгандар бар"[3].***

Дал ушундай алгачкы чыгармалары менен эле окурман жүрөгүн ээлеп, адабияттагы өз чыйырын акындыктан баштаган калемгер Аман Токтогулов болгон. Кийин сынчылык өнөр, көркөм котормо жана публицистика жаатында да жемиштүү иштеген. Аз жазса да саз жазып, өз өнөрканасында ар тараптуулукка умтулган. Муну ал өзү да моюнга алып: "***Чыгармачыл адам ыр да жазышы, сүрөт да тартышы, же ал эки өнөрдү токтото туруп, музыка чыгарышы да мүмкүн — мунун бардыгы ошол адамдын дүйнөгө эстетикалык мамилесинен, көз карашынан, принциптеринен табыгый түрдө келип чыгат"[4],-*** дейт.

Туура, калемгердин дүйнөгө болгон көз карашы көркөм чыгармачылыкта негизги ролду ойнойт. Анткени, ал чыгармачыл инсандын көз карашын калыптандырат, турмушка баа берүүдө негизги өзөктү түзөт, калемгердин тереңдигин, идеялык-тематикалык багытын аныктайт, же болбосо: "***Мировоззрение определяет смыслы жизненных явлений, которые найдут отображение в творчестве художника. И насколько глубоко и гуманно мировоззрение художника, настолько содержательны и поучительны будут его произведения"[5],-*** деген бүтүмдүн чындыгы шек туудурбайт.

Албетте, адамдын чыгармачылык жолдо калыптануусу төрөлүп-өскөн чөйрөсүнөн тартып, алган илим-билими, шык-жөндөмү, жашоо-турмушу жана иштеген иши менен тыгыз байланышта жүрөт. А.Токтогулов Талас районунун Көпүрө-Базар айылында 1945-жылдын 26-июлунда жарык дүйнөгө келет. Бала кезинен чыгармачылыкка шыктуу өсөт. Мектеп курагында жазган ырлары "Кыргызстан пионери" газетасына жарыяланып, кийин чыгармачылыкка

*[1]Гуральлник У. Дискуссия о реализме мировой литературы/Вопросы литературы,1957, № 3 [Электронный ресурс] Дискуссия о реализме в мировой литературе voplit.ru›article/hronika-76/*
*[2]Яков Э.Творческая индивидуальность писателя//Вопросы литературы,1961, № 4 [Электронный ресурс]*
*[3]Токтомушев А. А.Токтогулов, КГБ, адабият ж.б. тууралуу/ "Алас", 01.12.2005-ж. –12.01.2006-ж.*
*[4]Аталган макала, 4-бет.*
*[5]В-2_Специфика художественного творчества.studfile.net›preview/1604136/С-2.*

шыктанган улан шаарды көздөй бет алат:

Элетте өскөн бала
Ичинде эл жыкжыйма
Кеңкейген мурду кертик,
Телпейген автобуста
Орун жок, типтик туруп,
Эшиктин дал жанында
Тутканы бекем кармап

Келатат шаарга, окууга[6].

1962-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшырып, окуусун ийгиликтүү аяктайт. Бул жагынан алганда, А.Токтогуловдун адабиятка болгон кызыгуусу анын алган жогорку билими менен бекемделген. Окуусун аяктаган соң, Ош techнститутуна окутуучулук кызматка жолдомо алат, бирок, турмуш шартына байланыштуу ал жакка бара алган эмес. Анткени, ал 4-курсунда эле үй-бүлө куруп, бир кыздуу болуп, турмуштун оор түйшгүн тарта баштаган экен. Бул тууралуу анын мындайча эскергени бар: "***Бала-чакам менен турган жалпак тамдын дубалы бир катар гана кирпичтен коюлгандыктан, кыштан зорго чыгар элек. Ал аз келгенсип, үстү да толь менен жабылган. Кызым башталгыч класста окуйт. Бир күнү өзүңөр жашаган үйдүн сүрөтүн тартып келгиле дептир. Тартса керек кызым, мордон чыккан кара түтүндү асман тиретип. Класстын баары «ушундай да үй болобу?» дешет. Көзүбүз менен көрөлү деп келишиптир"***[7].

Албетте, адабий чыгармачылыктын калыптанышы үчүн үй-бүлөлүк жагдай-шарт маанилүү ролду ойнойт. Канчалык чыгармачылык ышкы артып турганы менен жашоо-шарт белден басып турса, чыгармачылык чыйырдын уланышына шарт түзүлөбү? Өзү айтмакчы, "***Чыгармачылыктан башка мүдөө жок, жазсам эле деп турган чак. Үйдөн гана кыйналып, жүдөп жүрөбүз"***,[8]- деп, кыштан араң чыгып жүргөн жаш калемгер үчүн мурдагы Коргоо комитетинен келип түшкөн сунуш жеке чыгармачылыгына чектөө болоруна көзү менен, "үй үчүн" аргасыз макул болууга мажбурлайт. Ошол аргасыздык тууралуу анын мындай эскергени бар: "***Ошентип КГБдан бир киши дагы келди. Бир аз сүйлөшкөн соң, «үйдү качан алчудайсың?» — деди шар эле. «Белгисиз» — дедим. «Анда мен атайы келдим, бизге ишке барсаң, жакында үчбөлмө үй бошоду, ошого киресиң, ойлонуп көр да, жообун тез бер, эртең же бүрсүгүнү келем» — деп шарт чыгып кетти. Отуруп эле калдым. Кышты эстедим. КГБ эмес, түрмөгө болсо да, үй берсе барайын дедим ичимде. Айткан күнү тиги жигит келди. «Силерге барса барайын, бирок мага ылайык кызматыңар барбы?» — дедим. «Бизде архивдин чети оюлбай жатат, ошону бир карап чыгып, иретке салып, жарыкка чыгарууга даярдай турган журналист керек» — деди. «Андай иш болсо колуман келер» — деп ичимен сүйүнүп кеттим. Эч кимге айтпа деген, аялыма да айткан жокмун"***[9].

А.Токтогуловдун өмүрүндөгү 16 жылдык ушул тилке жеке чыгармачылыгына тоскоолдук жаратканы менен жалпы кыргыз турмушундагы тагдыры талаш туудурган бир топ акын-жазуучулардын чыгармачылыгын иликтөө-изилдөө иштерине пайдасы тийген. КГБда иштеп жүргөндө анын колуна архив ишин ирээтке келтирүү тапшырмасы берилип, "***Заманачы делген акындар Калыгул Бай уулунун, Кылыч Молдонун, Нияз Молдонун, дагы башка-башкалардын ар ким жыйнап***

[6]*Шаарга качуу. Китепте: Токтогулов А. Тандалма чыгармалар, котормолор. "Турар" басмасы, 2017-жыл, 1 том, 27-бет.*
[7]*Жогоруда аталган макала, 3-бет.*
[8]*Жогоруда аталган макала, 2-бет*
[9]*Токтомушев А. А.Токтогулов, КГБ, адабият ж.б. тууралуу/ "Алас", 01.12.2005-ж. –12.01.2006-ж.*

***келген чыгармалары жаткан. Аларды окуду. Түшүндү. Бирок чыгарууга эрте эле. Совет өкмөтүн сындап жазган, айтылуу түрмө ырларынын автору Казыбек Мамбетимин уулунун казалдары менен тааныштты. Ага баа берди”[10].***

Аталган инсандардын чыгармачылык тагдырлары, жазган ырларына баа берүү менен А.Токтогулов жеке чыгармачылык жолунда сабак алды:

*Жаным күйүп көз артпайм өзгө ишине,*

*Жардам сурап жалбарбайм эч кишиге.*

*Мен ишенбейм бирөөнүн колдоосуна,*

*Азбы-көппү, ишенем өз күчүмө*[11],-деп, чыгармачылык жолун өз күчүнө таяп улантты.

1967-жылдан 1972-жылга чейин «Кыргызстан маданияты» жумалыгында бөлүм башчы болуп иштеди. 1972-жылдан 1973-жылга чейин «Ала-Тоо» адабий-көркөм журналында бөлүм башчы болду. Расул Гамзатовдун «Менин Дагстаным» аттуу эки китебин кыргызчага которду.

Эгерде, чыгармачыл инсандын гумандуулугу анын ар тараптуу көркөм дөөлөттөрүнүн өзөгүн түзсө, анын шыкжөндөмү чыгармачыл багытынын ар тараптуулугун камсыздайт. Бул мааниде, А.Токтогуловдун алгачкы чыгармалары акын катары мезгилдүү басма сөздө жарыяланып келсе, алгачкы ыр жыйнагы 1980-жылы чыгып, “Ибарат” деген аталашта жарык көрөт. Жыйнакка жалпысынан 48 ыры кирип, алар мазмундук жактан ар түрдүү темаларды камтыйт. Айталы, акындын “Биздин айыл” деген көлөмдүү ыры айыл турмушунун жагдай-шартынан кабар берет. Автор акындык баамчылдыгы менен башкаларга байкалбаган “бейкут” турмуштун “ой-кырларын” көз алдыга тартат:

*Биздин айыл мал багат, негизинен,*
*Адыры көп, тоосу көп тегизинен.*
*Соодага жок эзелтен эндекей калк,*
*Момуну көп, чынында, жегичинен.*

*Эшик кулптап, бекинбей шаардыкчылап,*
*Бир-бирине эч тынбай кирип-чыгат.*
*Күн-түн дебей жамандык-жакшылыкта,*

*Кел дедирбей келиндер кызмат кылат.*

Алгачкы эки түрмөгүн окуган окурмандын, чынында эле, өз айылынын бейпил турмушу көз алдына келет, ырдын кийинки саптарынан элет турмушунун “элестүү” учурларын күтөт да, жаңылышат, анткени, акындын максаты башка: ушундай жай турмушту эми “Мас болуп жетелешкен мугалимдер”, “Андан өткөн «хулиган» жапжаш балдар”, “Арыз жазып журт бузган куйтулар” байырлай баштаганын көз алдыга тартат. Акындын жүрөгүн айылдагы мындай жат адаттардын орун алышы эмес, алардын көнүмүшкө айланып баратышы, кадыресе нерсе катары карала башташы тынчын аларын баамдайбыз:

*Бүт көрүнөө бул жерде, баары дайын,*
*Жаман жери – буларга эл да кайыл.*
*Бүт батырып ичине мунун баарын,*
*Сыр билгизбей зымпыят биздин айыл.*

“Ибарат” жыйнагындагы ырлар тематикалык жактан эки чоң топко бириктирилген. “Элеттикпиз” деп аталган топко мазмундук жактан айыл турмушу, анын кайталангыс адамдары, табият ырлары кирсе, “Чечилүү” деген экинчи тобундагы ырларга акындын жан дүйнөсүн козгогон “Көз жаш”, “Менин жолум”, “Кейүү” сындуу ырлары кирген.

[10]*Муратов А. Чекисттерди четинен жумшарткан. Аман Токтогулов тууралуу кызыктуу 11 факт. sputnik.kg› 19:57 25.12.2021 (Жаңыртылды: 20:44 25.12.2021)*

[11]*Менин жолум. Токтогулов А. Тандалма чыгармалар, котормолор. “Турар” басмасы, 2017-жыл, 1 том, 67-бет.*

А.Токтогуловдун чыгармачылыгынын дагы бир маанилүү тарабын адабий-сынчылык өнөрү түзөт. Анын “Граждандуулуктун оту”, “Кардиограмма”, “Көркөм сөз милдети” аттуу адабий сын макалалары азыр да актуалдуу. Аталган сын макалалары 1975-жылы жарык көргөн “Поэзияга мамиле” деген китебине киргизилип, дароо эле сейрек китептердин катарына кошулган.

А.Токтогуловдун чыгармачылык өнөрканасынын дагы бир багыты –котормочулук. Ал Расул Гамзатовдун “Менин Дагестаным” китебин, Иван Крыловдун тамсилдерин, Чыңгыз Айтматовдун “Кыямат” романынын үчүнчү бөлүмүн, “Чыңгыз хандын ак булуту” повестин өз нугунан чыгарбай, жеткиликтүү которгон.

Жыйынтыктап айтканда, А.Токтогуловдун чыгармачылыгы акын катары оригиналдуулугу менен, адабий сынчы катары терендиги жана таамайлыгы менен, котормочу катары нукуралуулугу менен башкалардан өзгөчөлөнүп тургандыгын баса белгилөө маанилүү.

**Адабияттар**

1. *Гуральлник У.* Дискуссия о реализме мировой литературы/Вопросы литературы,1957, № 3 [Электронный ресурс] Дискуссия о реализме в мировой литературе voplit.ru›article/hronika-76/

2. *Токтомушев А.* А.Токтогулов, КГБ, адабият ж.б. тууралуу/ “Алас”, 01.12.2005-ж. –12.01.2006-ж.

3. *Токтогулов А.* Тандалма чыгармалар, котормолор. “Турар” басмасы, 2017-жыл, 1 том,

4. Специфика художественного творчества. studfile.net›preview/ 1604136/С-2.

5. *Муратов А.* Чекисттерди четинен жумшарткан. Аман Токтогулов тууралуу кызыктуу 11 факт. sputnik.kg› 19:57 25.12.2021 (Жаңыр- тылды: 20:44 25.12.2021)

6. *Яков Э.* Творческая индивидуальность писателя // Вопросы литературы, 1961, № 4 [Электронный ресурс]